күчтүү. Демек, мекенге ак кызмат өтөш үчүн баарынан мурда тилди барктоо, байытуу милдет [3.45].

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


**1.**Сыдыкбеков Т. Табылга. Бишкек. Адабият.1991.688-б.
2. Сыдыкбеков Т. Тилибиз бөтөнчө эмес. Адабият. Бишкек. 1990.34-б.
3. Сыдыкбеков Т. Тил биримдикке өбөлгө.Бишкек.
4. Сыдыкбеков Т.Бийикке баскыч көтөрөт. Бишкек. 1989. 23-б.
5. Сыдыкбеков Т. Тил өлбөйт, өнүгөт. Бишкек. Адабият.1990.12-б.
6. Сыдыкбеков Т. Киши өзүн өзү тарбиялайт. Бишкек. Адабият. 1987. 2-бет
7. Сыдыкбеков Т. Ынсап жөнүндө сөз. Бишкек. Адабият. 1999.45-бет.



УДК 811.512.154+371.3
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-173-177



**Мадиярова К.К.**
И.Исамидинов атындагы Педагогикалык колледж ПКМДИ
**Мадиярова К.К.**
Педагогический колледж ИЦППК имени И. Исамидинова
**Madiyarova K.K.**
Pedagogical College named after I. Isamidinov


# ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛЛЕДЖДЕРГЕ КЫРГЫЗ ТИЛИН КЕСИПТИК КОМПЕТЕНЦИЯЛАРГА БАГЫТТАП ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫНАН СПЕЦИАЛИСТ ПО КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ ДЛЯ ПЕДАГОГИЧЕСКИХ КОЛЛЕДЖЕЙОТ МЕТОДИКИ ОБУЧЕНИЯ, НАПРАВЛЕННОЙ НА КОМПЕТЕНЦИИ
# KYRGYZ LANGUAGE PROFESSIONAL FOR PEDAGOGICAL COLLEGESFROM THE METHODOLOGY OF TRAINING AIMED AT COMPETENCES


**Аннотация:** Макалада Педагогикалык колледжде педагогикалык багыттагы орто кесиптик адистер даярдалып чыккандыгына байланыштуу кыргыз тили сабагын заманбап технологияларды пайдаланып кесиптик компетенцияга багыттап окутуу. Алган билимин кесиптик ишмердүүлүгүндө кесибине байланышкан, кесиптик сөздөрдү өз эне тилинде, адабий жана мамлекеттик тилде сабаттуу иш жүргүзө алуусуна мүмкүнчүлүк алышат.

**Аннотация:** В статье преподавание кыргызского языка с использованием современных технологий направлено на повышение профессиональной компетентности за счет подготовки специалистов среднего профессионального образования педагогического направления в педагогическом колледже. У них будет возможность использовать полученные знания в своей профессиональной деятельности, профессиональные слова, связанные с их профессией, на родном, литературном и государственном языках.

**Abstract:** In the article, teaching of the Kyrgyz language lesson using modern technologies is aimed at professional competence due to the training of secondary professional specialists in pedagogical direction at the Pedagogical College. They will have the opportunity to use the

acquired knowledge in their professional activities, professional words related to their profession in their mother tongue, literary and state language.

**Негизги сөздөр:** Педагогикалык колледж, кыргыз тили жана адабияты, кесиптик компетенция, кесиптик ишмердүүлүк, инсанга багыттап окутуу, окутуунун технологиясы, инновациялык билим берүү.

**Ключевые слова:** Педагогический колледж, кыргызский язык и литература, профессиональная компетентность, профессиональная деятельность, личностно-ориентированное обучение, технология обучения, инновационное образование.

**Keywords:** Pedagogical college, Kyrgyz language and literature, professional competence, professional activity, person-oriented teaching, teaching technology, innovative education.

Педагогикалык колледж Кыргызстандагы орто кесиптик билим берүү тармагы катары кыска мөөнөттүн ичинде педагогикалык багыттагы адистиктерди даярдап келе жатат. Педагогикалык колледжде 9-класстын базасында 2 жыл 10 ай, 11-класстын базасында 1-жыл 10 ай окуп билим алышат.

9-класстын базасы менен орто мектепти 9-классты бүткөндүгү тууралуу күбөлүктүн (аттестаттын) негизинде окууга кабыл алынып, 2 жыл 10 ай окушуп, окуган адистиги боюнча диплом алышат.11-класстын базасына жогорку кесиптик билим берүү багытындагы адистиктерге ЖРТдан төмөн балл алышкандыгына байлайланыштуу, колледжде 1 жыл 10 ай окушуп, орто кесиптик билим берүү багытындагы адистиги үчүн диплом алышып,жогорку кесиптик билим берүү адистигине кирүүгө багыт алышат.

Кыргыз тили сабагы 1-курс 9-класстын базасындагыларга орто мектептин 10-класстары жана 11-класстары үчүн түзүлгөн Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министирлигинин буйругу менен бекитилген мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде түзүлгөн окуу жумушчу программа менен окуу процесси бир жылдын ичинде 1-семестрде 10-класстын программасы менен 2-семестрде 11- класстын программасы менен окутуу жүргүзүлөт.2-курстан баштап адистигине байланышкан предметтер окутулат. 2-курс 9-класстын жана 1-курс 11-класстын базасындагыларга Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлигинин буйругу менен бекитилген орто кесиптик билим берүү боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын жана билим берүүнүн нормативдик документтеринин негизинде бардык адистиктер боюнча окуу жумушчу программалары, пландары бекитилип, окуу процесси жүргүзүлөт.

Мамлекет тарабынан билим берүү тармагына өзгөчө көңүл бурулуп жаткандыгына байланыштуу , педагогика тармагында билим алуучулардын саны өсүүдө.

Окууну бүтүп адистике ээ болгондон кийин төмөнкүдөй жагдай күтүлүүдө:

- жогорку кесиптик билим берүү адистигине ЖРТнын жыйынтыгысыз кирүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт;
- кыска мөөнөттүн ичинде кесипке ээ болот;
- жашоого болгон көз карашы өсөт;
- өзүн-өзү өнүктүрүүгө аракет кылат;

Педагогикалык колледждерде негизинен төмөнкү багыттагы адистиктер даярдалат: 050709-«Башталгыч класстарда окутуу» 050704 «Мектепке чейинки билим берүү». Бул адистиктер үчүн кыргыз тилинен бирдиктүү окуу жумушчу программасы түзүлөт. Азыркы учурдагы окуу жумушчу программасы кыргыз филологиясындагы адистиктерге

ылайыкталып түзүлүп калгандыгына байланыштуу, педагогикалык колледжде билим алып жаткан адистиктердин кесиптик компетенциясына багытталып иштелип чыкса, болочоктогу адис үчүн жакшы натыйжасын берет деп ойлойм.

Бүгүнкү студент эртеңки адис болуп чыгат. Каякта ? Кандай тармакта кызмат өтөйт? Студенттин болочоктогу кесибине багыттап окуу жумушчу программасын татаал формадан жеңилдетилген формада кабыл алуусуна ыңгайлуу, турмушунда да колдонуучу сабактардын ыкмаларын пайдалануу менен сабак өтүлсө билим берген тарап менен билим алган тарапка да оң таасирин тийгизмек. Билимди туура берип, убакытты туура пайдалансак, берген билимибиз натыйжалуу болсо, билим берүү тармагы үчүн да жемиштүү жетишкендиктер түзүлөбү?-деген ой жаралат.

2-курс 9-класстын 1-курс 11-класстын базасындагылар үчүн кыргыз тили жана адабияты деген сабак өтүлүп бирдиктүү окуу жумушчу программасы түзүлүп, кыргыз тили сабагы үчүн 24 практикалык саат , 21 саат студенттин өз алдынча ишине бөлүнгөн. Кыргыз адабияты сабагы боюнча да 24 практикалык саат , 21 саат студенттин өз алдынча ишине бөлүнгөн. Кыргыз тили жана адабияты сабагы деп бирдиктүү өтүлөт. Жалпы 48 практикалык саат, 42 саат студенттин өз алдынча ишине бөлүнгөн.

Кыргыз тили дисциплинасы боюнча төмөндөгүдөй сааттар бөлүнгөн :

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили<br>(1-курс 9-класстын базасындагылар үчүн) | 0 | 80 |
| 2 | Кыргыз тили жана адабияты<br>(2-курс 9-класстын жана 1-курс 11-класстын базасындагылар үчүн) | 3 | 90 |
| | Жалпы | | 130 |

Кыргыз тили үчүн бөлүнгөн 24 практикалык сааттын жана 21 студенттин өз алдынча ишине берилген саатты туура пайдаланып, студеттердин болочоктогу кесибине багыттап, кесиптик ишмердүүлүгүндө өз эне тилинде, адабий тилде, мамлекеттик тилде сабаттуу иш жүргүзө алуусуна багыт берүү керек. Кыргыз тилин интеграциялоо көпчүлүк учурда тексттер аркылуу ишке ашат. Көркөм чыгармадан алынган тексттерди колдонуу менен аларды азыркы жашап жаткан коом менен байланыштырып, жаман менен жакшыны, ак менен караны ажыратып жакшы жолго түшүүгө үйрөнүшөт.Ошондуктан кыргыз адабияты үчүн бөлүнгөн 24 практикалык саттын жана 21 студенттин өз алдынча ишине берилген саатты туура пайдаланып, көркөм чыгармаларды, акын-жазуучулардын басып өткөн өмүр таржымалдарын окуу аркылуу алган билимин турмушунда колдонуп,өзүн-өзү өркүндөтүп, интелектуалдык деңгээлин жогорулатып, кеп жана жазуу маданиятын кесиптик ишмердүүлүгүндө туура пайдаланып, мамлекеттик тилде иш жүргүзө билүүгө калыптанат.

Окуу жумушчу прогаммасын п.и. д., профессор Ж.А.Чыманов, п.и.д., профессор С.К.Рысбаев, п.и.д., профессор В.И.Мусаевалар тарабынан иштелип чыккан Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мекемелерине кыргыз тилин экинчи тили катары окутуунун концепсиясынына багыттап иштеп чыгып, колледждеги башка улуттун студенттерине да жеңил жолун издөө.

Педагогикалык колледждин 050709-«Башталгыч класстарда окутуу» багытындагы адистикти бүтүргөн студент башталгыч класстарга мугалим болуп, 1-класстан 4-класска чейинки класстарга билим берет.

050704 «Мектепке чейинки билим берүү» багытындагы адистикти бүтүргөн студент бала-бакчаларга тарбиячы болуп, 3 жаштан 7жашка чейинки балдарды тарбиялоо менен кызмат өтөшөт. Кыргыз тилин кесиптик компетенцияларга багыттап окутуунун методикасы жөнүндөгү илимий макаланын идеясы да ушундан улам келип чыкты.

Кыргыз тилин кесиптик компетенцияга багыттап окутуунун методикасы боюнча окуу методикалык комплексин иштеп чыгып,анын негизинде окуу куралы түзүлсө ар бир адистиктерде билим алып жаткан студеттер үчүн жеңил болмок. Педагогикалык колледжде даярдалып жаткан адистер үчүн кыргыз тилин кесиптик компетенцияга багыттап окутуу үчүн атайын иштелип чыккан окуу куралы жетишсиз.

Ар бир бала окууга бир максат менен келет. Биз кайсы мамлекетке, өлкөгө барбайлы кыргыз болуп таанылабыз. Азыркы учурда мамлекеттик тилге болгон талаптар күчөп жатат.Бул абдан ич жылытарлык көрүнүштөрдүн бири.

Кыргыз тилин окутуунун ыкмаларыда баланын болочоктогу кесибине ылайыкталып иштелип чыкса, билим тармагынын кызматкерлери үчүн жемиштүү иш деп эсептейм. Педагогикалык колледжди аяктаган адистер эртеңки күндө мамлекеттик кызматкер болуп, билим берүүчү мекемелерде кызмат өтөйт. Ошон үчүн өз мамлекеттик тилинде сабаттуу иш алып баруусуна багыттасак, башка улуттагы студентер үчүн да жеңил болмок.

Бат өзгөрүп жаткан коомдо “Кыргыз тили “ сабагын  заманбап технологияларды пайдаланып , электрондук варианттарын иштеп чыгып, окутуу мезгилдин талабы болуп калды. Кыргыз тили жана адабиятында бүтүндөй кыргыз элинин тарыхы, маданияты, баалуулуктары, улуттук дөөлөттөрү камтылган. Ошол дөөлөттөрдү кийинки урпактарыбыз унутта калтырбашы үчүн сабактын ыкмаларына айкалыштырып өтсөк, келечек муундарыбыз жана биз улуу муундар үчүн жооркерчиликтүү иш. Азыркы жаштардын башка өлкөлөргө байланыштуу жөргөлөргө бат ооп кетишине да кыргыз тили боюнча замандын талабына ылайык келген ыкмалардын аздыгы болуп жаткандыр деп ойлойм. Башка өлкөлөрдүн жөрөлгөлөрүн бат кабыл алып жаткан жаш муундарга, кыргыз тили боюнча да замандын талабына шайкеш келген ыкмаларды изилдеп чыгып, педагогикалык колледжде даярдалып жаткан адистерге да жакшы.

Педагогикалык колледжде даярдалып жаткан адистер билим тармагына байланышкан мекемелерде кызмат өтөшүп 050704 «Мектепке чейинки билим берүү» багытындагы адистер бала-бакчаларга тарбиячы болуп, 3 жаштан 7жашка чейинки балдарды тарбиялап окутушса, 050709-«Башталгыч класстарда окутуу» багытындагы адистер башталгыч класстарга мугалим болуп, 1-класстан 4-класска чейинки класстарга билим беришет.

Бала-бакчада тарбияланган бала мектепке барып, башталгыч класстын мугалимине барып окуйт, 5-класстан 9-11-класска чейин жогорку класста окушуп, 9-классты же 11-классты бүтүшүп , колледждерден же болсо ЖРТдан баллы жеткиликтүү болсо, жогорку кесиптик билим берүү адистиктеринде билимин улантышат. Чырпыкка деле өз убагында көнүл бөлүп жакшы баксак, ал чырпык көзгө көрүнүктүү чынар терекке айланат, көңүл бөлбөй өз учурунда жакшы карабасак куурап жок болот. Ошону сыңары эле балдарга жакшы көңүл бөлүп, сабакты баланын кабыл алуусуна ыңгайлаштырып сабактын ыкмаларын изилдеп иштеп чыксак, даярдалып жаткан адистерден да сапаттуу адистер өсүп чыгат.

Кыргыз тилин кесиптик компетенцияга багыттап окутууда кандай компетенттүүлүккө негиздеп окутуу керек:

- Окуучулар же студенттер кандайдыр бир ишмердикти (изилдөөнү, долбоорлону) жүзөгө ашырууга катышканда;
- окуу процесси окуучунун же студенттин өз алдынчалыгын, өз ишмердигин уюштуруу жана натыйжалуулугу үчүн жоопкерчилигин өнүктүрүүгө багытталганда;
- максат коюп ага жетишүү тажрыйбасын өздөштүрүү үчүн кырдаал түзүлгөндө;
- топтордун ишин натыйжалуу уюштурганда ;

Негизги же түйүндүү компетенттүүлүктөр

1. Маалыматтык компетенттүүлүк
2. Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк
3. Өз ишин уюштуруу жана маселелерди чече билүүчүлүк компетенттүүлүк

Педагогикалык колледждерге кыргыз тилин кесиптик компетенцияларга багыттап окутуунун методикасын изилдеп чыгуу- билим берүү тармагынын алдыга жылышына, педагогикалык колледжден даярдалып чыккан ар бир адис өзү тандаган кесиптин татыктуу адиси болуусуна багыт берүү .

Жеткиликтүү билим бериш үчүн төмөнкү каражаттарга көңүл бөлүнүшү керек:

1. Кыргыз тилин кесиптик компетенцияларга багыттап окутуу боюнча окуу методикалык комплекси;
2. Окуу методикалык комплексинин негизинде түзүлгөн методикалык колдонмо;
3. Замандын талабына шайкеш келген техникалык каражаттардын жеткиликтүү болушу;

Окуу жумушчу программасындагы тематикаларды кыргыз тилин кесиптик компетенцияларга багыттап коюп, практикалык сабактарды, өз алдынча иштөөчү көнүгүүлөрдү колдонуп, баланын өз оюн эркин айтууга багыт берүү. Азыркы учурда тренинг жана долбоорлоо түрүндөгү сабактарды соцтармактардан күн жасайын кездештиребиз. Бизда күн сайын өтүп жаткан сабактарыбызды тренинг жана долбоорлоо түрүндө же болбосо, бала бат кабыл ала турган ыкмаларын иштеп чыгып, кайталанма сабактын ыкмаларынан алыстасак, бала модулдан же экзаменден баа алыш үчүн эмес өзү үчүн окууга аракет кылат.

Педагогикалык колледжде жети жылдык тажрыйбамда балдардын көпчүлүгү экзаменден баа алыш үчүн окугандай сезилет. Биз келечекте адистерди даярдап чыгаруучу орто кесиптик билим берүү тармагы болгондуктан, баланы баа алыш үчүн эмес болочоктогу өзү тандаган кесиптин мыкты адиси болуусуна багыт беришибиз керек деп эсептейм.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери.-Б. «Педагогика века», 2004.
2. 2..Рысбаев С.К. Кыргыз тили, адабияты мугалимине жүз кеңеш. Б.; Бийиктик плюс, 2016.-272б.
3. 3.А.Алимбеков Кыргыз Республикасынын билим берүү системасы (тарыхы, азыркысы, көйгөйлөрү) Монография.Бишкек-2020.
4. .п.и.д., профессор Ж.А.Чыманов, п.и.д., профессор С.К.Рысбаев, п.и.д., профессор В.И.Мусаевалар тарабынан иштелип чыккан Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мекемелерине кыргыз тилин экинчи тили катары окутуунун концепсиясы(Оңдолгон, толукталган жаңы редакциясы) Бишкек-2021